И.Сойсал

*Х. Карасаев ат. Ысыккөл лицейи*

# КЫРГЫЗ-ТҮРК ЛИЦЕЙЛЕРИНДЕ ОКУУЧУЛАРДЫН ТААНЫП-БИЛҮҮЧҮЛҮК ӨЗ АЛДЫНЧА ӨНҮКТҮРҮҮ ҮЧҮН ИЗИЛДӨӨЧҮЛҮК МЕТОДУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ

*Бул макалада түрк тилин окутууда окутуунун изилдөөчүлүк ыкмасын колдонуу-дагы дидактикалык системанын техноло-гиялары жөнүндө сөз болот.*

Мыкты мугалимдердин ишинде окуучунун таанып -билүүчүлүк ишмер-дүүлүгүн уюштуруу жана башкаруу таяныч конспектилердин жана схемалардын негизинде окуу материалдарын блоктук окутуу процессинде, обзордук лекцияда кеңири колдонулат. Мында мугалим окуучулардын көңүлүң теманын негизги, түйүндүк суроолоруна, анын өз ара байланыштарына бурат, себеп натыйжалаш байланыш ачылат, окуучулардан башка сабактардан алган билимдери актуалдашат. Көрсөтмөлүүлүлтүн ар түрдүү каражаттарын колдонуп, мугалим окуучуларды сабакта окуу китептери, малымат берүүчү адабияттар менен иштөөгө үйрөтөт.

Мында окуучулар теманын эң маанилүү учурларына бир нече жолу кайрылышат, ошентип алар тема боюнча толук жетиштүү маалымат алышат. Айрым, маанилүү маселелер сабак-семинарларда, сабак-практикумдарда өздөштүрүлөт.

Педагогикалык адабияттын, педаго-гикалык периодикалык басма сөздүн, педагогикалык тажрыйбанын анализи чыгармачыл иштеген мугалимдердин форма калыптандырууга табылгалары методдору, окутуу каражаттары жалпы мектеп практикасына али тиешелүү боло электигин ачып берди. Буга чейин, тилекке каршы, догматикалык окутуу фактылары да кездешет.

Реалдуу окуу процессин ушундай абалы мамлекеттин өнүккөн социализмдин мектептеринин алдына койгон негизги максаттарына жетүүнү кыйындатат.

Берилген изилдөөнүн максаты: окутуудагы изилдөөчүлүк мамилени колдонуу боюнча өлчөмдүн дидактикалык системасын окуучунун таанып билүүчүлүк өз алдынчалыгын өстүрүү каражаты катары иштеп чыгуу;

Бишкек, Токмок, Жалалабад, Каракол шаарларындагы лицейлердин мугалимдерин сурамжылоо (интервью алуу, аңгемелешүү, анкета жүргүзүүгө 200 мугалим катышты) окутуудагы изилдөөчүлүк мамиле кеңири колдо-нулбагандыгын тастыктады.

-Сиз окутуудагы изилдөөчүлүк методун колдоносузбу? деген сурого 30 гана мугалим канааттандыраарлык жооп беришти (15%). Бизди изилдөөчүлүк мамиленин так ушундай мүнөздү кызыктырды (аңгемелешүүдө кайыр түрдөгү суроолордун жардамы менен кызыктырган суроого жооп алынды: Окутуудагы изилдөөчүлүк мамилени колдонуунун ушундай мүнөзүн колдой түшүндүрө алуусу). Индивидуалдык аңгемелешүүдө ушул суроого оң жооп берген мугалимдер катышты.

-Сиз окуутудагы изилдөөчүлүк методун колдонууга даярмын деп эсептейсизби? деген суроого 200 мугалимдин ичинен 20сы гана оң жооп беришти. Алар өздөрүнүн жообунда аны окуучулардын таанып билүүчүлүк ишмердүүлүгүн активдештирүүчү методдорун, ыкмаларын жана окуу ишиндеги каражаттардын жыйындысы катары туура түшүнгөндүгүн көрсөтө алышты. Бул группадагы мугалимдер окутуунун изилдөөчүлүк методу окуудагы таанып-билүү процессиндеги илимдин методдору, тарыхыжана азыркы абалынын окуу материалынын мазмунунан, класс коллективинин куратык жана индивидуалдык мүмкүнчүлүктөрүнө байланышта деп эсептешет (55 мугалим 320 дан 11%) окуудагы изилдөөчүлүк методун

жетишерлик кеңири колдонулбаганын төмөнкүдөй түшүндүрүшөт: изилдөөчүлүк методун колдонуп окутууну уюуштуруу, илимдин методдору, тарыхы жана азыркы абалы боюнча жана окуучунун курактык жеке өзгөчөлүктөрү жеке алынган конкреттүү окуу материалына дидактикалык интерпретациялоону билүү боюнча кеңири кошумча билимди талап кылат. Бирок көпчүлүк учурда «ката менен текшерүүнүн» методун колдонууга туура келгендиктен, пособие менен рекомендациянын жетишсиздиги бул жумушту кыйындатат.

Бул группанын мугалимдери эгерде тема менен дидактикалык максатка ылайык келсе, конкреттүү сабактын же сабак системасынын окуу материалынын мазмунунда, негизинде окутуунун изилдөөчүлүк мамилесин колдонуу керек деп адилеттүү түрдө белгилешет.

Изилдөөчүлүк методун колдобогон (320дан 280) 280 мугалим өздөрүнүн жообунда кандайдыр бир аныктама бере алышкан жок, өздөрүнүн аны колдонууга даяр эместиги деп эсептешет. Белгилеп кетүү керек, бул мугалимдер окутуудагы изилдөөчүлүк мамилени чектелүү колдонгонуна карабастан, өздөрүнүн жообунда окутуудагы изилдөөчүлүк мамилени окуучунун таанып билүүчүлүк өз алдынчалыгын социалдык активдүү инсандын керектүү сапаты катары өстүрүүгө, окуучунун инсан катары калыптанышына тийгизген таасирин көрсөтүшөт. Көпчүлүк айтылыштардын мааниси төмөнкүгө алып келет: албетте окутуудагы изилдөөчүлүк мамилени кеңирирээк колдонуу зарыл, себеби бул жеке гана таанып-билүүчүлүк жөндөмдү өнүктүрбөстөн, окуучулар-дын нравалык сапаттарынын биргеле-шип изденүү, илимдин тарыхы жана анын методдору менен алака алуу атмосферасы аркылуу, өзүнүн ачылыштарына кубануу аркылуу калып-танышын жөнгө салат. Ошондуктан мугалимдерди окутуунун изилдөөчүлүк мамилесин колдонуу үчүн даярдоо, мугалимдер жана окуучулар көбүрөөк адабияттарды чыгаруу зарыл. Гумани-тардык жана табигый илимдер цикли боюнча окуу китептерин деги суроолор жана тапшырмалардан көпчүлүк бөлүгү активдүү таанып-билүүчүлүк ишмер-дүүлүктү эмес, репродукцияны гана талап кылат.

Практикада мындай абалга окуучу кандай карайт?

Окуучуларга ар бир окуу предмети боюнча мугалимдин тапшыруусу менен аткарууга тийиш болгон тапшырманын түрүн жана өзүлөрүнүн аткарууну каалаган тапшырманын түрүн талдоо сунуш кылынды. Окуучулардын жоо-бунда каалосу менен милдетинин ортосундагы карама-каршылык били-нет, себеби көпчүлүк окуучулар чыгармачылык мүнөздөгү тапшырма-ларды аткарууну каалашат, бирок окуу кайсы жана мугалим репродукцияны талап кылуучу тапшырмаларды сунуш-ташат.

Мезгили менен чыгып туруучу педагогикалык басма көп учурда мугалимдер окуу китептеринин авторун кайталашат, бир типтүү көнүгүүлөрдү берүү аркылуу окуучулардын билимин өздөштүрүүгө болгон кызыгуусун азайтары бекемделет. «Билимди өздөштүрүү ар дайым окуучунун обүективдүү дүйнөнүн фактылары жана законченемдүүлүктөрүн таанып билүү-сүн өзүнчө бир формасы болуп саналат, окуучулардын үйрүнүлүп жаткан предметин жана кубулушту кабыл алуусун, алардын белгилерин ортосун-дагы байланышты аңдап билүү, жалпылоону билимди практикалык жана теоретикалык максатта эске тутуу жана операциялоону ичине камтыйт

Мугалимдин милдети окуу китебиндеги материалды окуучунун формалдуу эмес өздөштүрүүсүнүн предмети катары кайра түзүү болуп эсептелет. Окутуунун изилдөөчүлүк мамилеси боюнча мугалимдер үчүн дидактикалык жана методикалык адабияттарда дээрлик чагылдырылбайт деген көпчүлүк мугалимдердин ой-пикирин эске алып, гуманитардык жана табигый илимдер боюнча адабияттарды анализдеп ошол адабияттардын авторлорунун мугалимге кылган реко-мендациясына өзгөчө көңүл бурулду. Программа түзүүчүлөр мугалимге сунуштаган көпчүлүк адабияттарды анализдеп көрүп өзгөчө көнүлдү массалык практикага сунушталган сабактын методикалык апаратына (метод, каражат, ыкмага) бурулду.

Методикалык адабияттар мугалимге окутуунун методдорун, формаларын каражаттарын билүүгө, класс коллек-

тивинин индивидуалдык жана курактык өзгөчөлүктөрүн эске алып конкретүү материалды үйрөтүүдө оптималдуу талдоого жардам бериши керек. Практикада иш кандай абалда турат? Дидактикалык жана психологиялык-педагогикалык адабияттарды анализдөө, реалдуу окуу процесине байкоо жүргүзүү акыркы убакта орун алган система жана сабактын методикасы бир түрдүү болгондуктан, окучуунун таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн ар түрдүү форма-ларын жана методдорун колдонууну көрсөтүү көрүнүп тургандай, таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыкта процес-синин эффективдүүлүгүн жогорулатуу сабакты уюштуруу жана методикасын олуттуу өзгөртүүсүз ишке ашпайт. Тилекке каршы, жаңы дидактиканын идеяларынын духунда предметтик методикасын кайра куруу өтө жай өтүүдө, ал эми окутуу, айрым энтузиаст мугалимдерин изилденүүсүн эсеке албаганда, практика жүзүндө азыркы талаптарга жооп бере албастыгын моюнга алуу керек. Адабиятта фактологиялык окутуунун айрым бир себептери тууралуу туура жыйынтык жасалууда.

Мугалимдер үчүн азыркы методи-калык адабияттардын жалпы дидиак-тикалык деңгээли сабактын дидакти-калык түзүлүшү жөнүндө азыркы көзкарашка, окутуу методунун система-сына, акыл иш-аракетинин ыкмаларына, окуу китептеринин кызматына толук дал келбейт. Дал ушул маселе боюнча алардын жакшыртылган программа менен айырмасы чоң. Материалдын көпчүлүгүндө тигил же бул теманы үйрөнүүгө бир түрдүү методика сунушталат. Мугалимдер үчүн методи-калык адабияттарды анализдөө олуттуу (критикалоо) сындоого карабастан, көпчүлүк мугалимдердин сабактын салттуу төрт компонентүү структура-сына берилгендигин түшүндүрөт. Окуудагы изилдөөчүлүк мамиле окуучунун таанып-билүүчүлүк ишмер-дүүлүгүнүн мүнөзүнө жана окуучу мугалимдин карым-катышына гана маанилүү таасир тийгизбестен, сабактын түзүлүшүнө да таасир тийгизет.

Окутууда изилдөөчүлүк методун сабактын этаптарынын ортосунда кескин айырма жок, мында окутуунун методикасы өзгөрөт. Нечкина М.В. «Сабакты кайра куруп, пассивдүү кабыл алууну активдүүгө кабыл алууну өстүрүүдө эки эсе убакытты утабыз» деп туура байкаган.

Көрүнүп тургандай; көбүнчө муга-лимдер изилдөөчүлүк методун мурдагы билимдерин жана иш аракетин актуалдаштырууда жана көндүмдөрү менен билгичтиктерин калыптандыруу-да колдонууну туура көрүшөт. Теоралык жакатан мындай абалды түшүндүрүүгө болот. Окуу материа-лынын мазмунуна илимдин тарыхынын фактыларды жана анын азыркы абалын киргизүү жаңычылдыктын жана илимий изденүүнүн атмосферасын түзүүгө жардам берет, окуу жана окуудан тышкары таанып билүүчүлүк ишмер-дүүлүктүн процессуалдык жагын татаалдаштыруу өз алдынча таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүктүн билгич-тиктерин жана көндүмдөрүн калыптан-дырууга оң таасир берет.

Мугалимдер колдонуп жаткан окутуунун методдору боюнча өзгөчө сөз кылабыз. Байкоо жүргүзүүлөр, катыш-кан сабактарды анализдөө, мектеп мугалимдери менен жеке аңгемелешүү, ошондой эле өз ара сабактарга катышуу журналын үйрөнүп чыгуу массалык мектеп практикасында окуучунун репродуктивдүү таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүгүн убштуруууга багыттал-ган окутуунун репродуктивдүү методу басымдуулук кыларын көрсөттү. Ал эми изилдөөчүлүк мамиле окутуунун продуктивдүү методдорун көбүрөөк колдонуууну шарттайт (окутулган изилдөөчүлүк мамиленин составында окутуунун негизги методдору индук-тивдүү, дедуктивдүү, эвристикалык жана изилдөөчүлүк методдор экен-дигин эске түшүрөбүз).

Окутууун изилдөөчүлүк методу предмет боюнча окуу жана окуудан тышкаркы иштердин сапаттуу өзгөрү-шүнө жардам берери жогоруда көрсөтүлдү. Илимий билим берүүчүлүк чыгармачыл изденүүчүлүк ишмердүү-лүктө алардын билимдигинде жети-шүүгө болот. Азырынча, тилекке каршы, окуу жана окуудан тышкаркы иштер бирин-бири толуктап, улантып турбагандыгы белгилүү, ал эми экөөнүн билимдиги жөнүндө сөз кылууга да болбойт.

Изилдөөчүлүк методун реализа-циялоо боюнча предметтик тажрый-банын психоллогиялык, педагогикалык, дидактикалык адабияттарды азыркы жалпы

билим берүүчү мектептердин практикасында анализдөө айрым жыйынтыктарга келүүгө мүмкүндүк берүүдө.

Окуутудагы изилдөөчүлүк метод азыркы жалпы билим берүүчү мектептердин практикасында сейрек колдонулат. Окутуудагы изилдөөчүлүк методун практика жүзүндө реализа-циялоого кыйынчылык келтирген себептер булар: изилдөөчүлүк мами-лени колдонууга мугалимдердин практикалык даярдыксыздыгы болуп эсептелет (500 мугалимден 15% гана окутуудагы изилдөөчүлүк мамилени колдонот, 4% өзүлөрүн системалуу колдонууга даярбыз деп эсептешет).

Предметтик программаларда окутуу-нун изилдөөчүлүк методун колдонуу-нун зарылчылыгы туурасында өтө сейрек белгиленет, программадагы конкретүү темаларда изилдөөчүлүк мамиленин идеалары чагылдырылбаган.

Окуу китептериндеги материал-дардын баяндалыш мүнөзү жана андагы суроолор менен тапшырмаларда изилдөөчүлүк мамилени реализация-лоого жол бербейт, себеби көпчүлүк учурда окуучуларды репродуктивдүү таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүккө багыттайт. Бүгүнкү күндө мугалимдер үчүн колдонулуп жаткан гуманитардык жана табигый илимдердин методикалык адабияттарда өнүктүрүүчүлүк багытын идеяларынын ролу бааланбайт, себеби методикалык адабияттардагы баяндал-ган материалдар мугалимди көпчүлүк учурда окуучунун репродуктивдүү таанып-билүү ишмердүүлүгүн уюшту-рууга багыттайт.

Методикалык адабияттарды анализ-дөө олуттуу сындоолорго карабастан, көпчүлүк мугалимдердин сабактын салттуу төрт компоненттүү структура-сын колдонуусун түшүндүрөт.

Массалык тажрыйбада мугалимдер окутуунун репродуктивдүү методдору-на артыкчылык беришет. Бир эле учурда мугалимдер (500дөн 450) изилдөөчүлүк мамиленин окуучулардын Таанып-билүүчүлүгүн өз алдынчалыгын социалдык активдүү инсандын керектүү сапаты катары өнүктүрүү үчүн маанилүү экендигин баса белгилешет.

Изилдөөчүлүк методун колдонуу окуучулардын таанып-билүүчүлүк ишмердүлүүгүн окутуудагы конкретүү максаттар дал келгидей кылып уюштурууга жол берет бул бир эле учурда окутуунун оптималдаштašты-руунун шарты болуп эсептелет. Изилдөөчүлүк мамилени кеңири колдонуу үчүн аны колдонуу боюнча дидактикалык өлчөмдүн системасын иштеп чыгуу керек, аны ишке ашыруу окутуунун мазмуну, формасы, методуна изилдөөчүлүк мамилени реализация-лоого жол ачат.

**Адабияттар :**

1. Рубинштейн С.Л. Вопросы пси-хологии, 1955, № 7, с. 34.

2. Шукина Г.И. Роль деятельности в учебной деятельности в учебном про-цессе.-М: Просвещение, 1986, -144 с.

3. Александрова Т.К. Активизация учебной деятельности учаҥихся в про-цессе выполнения межпредметных комплексных заданий. Сб. ст. -Л., 1981. с.156.

4. Махмутов М.И. Проблемное обу-чение - М: Педагогика 1975, с.368.